# «МАНАС»ЭПОСУ ЖАНА ШАМАН ДИНИ

**АБДИЕВА Ж.К.,**
**ТОКОБАЕВА Г.Ш.**
biblionsu@rambler.ru

Бүгүнкү күндө ар бир элдин өз тарыхына, маданий баалуу булактарына кайрылуусу менен алардын маданий баалуулуктарга болгон кызыгуулары жогорулоодо. Маданияттын бир формасы болгон дин, анын генезиси, өсүп-өнүгүү тарыхы жана диндин адеп-ахлак идеяларын билүү бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден болуп келет.

Республикабыз демократиялык жобого негизденген жарандык коомго умтулган өлкө катары дин эркиндигин тутуп келет. Ким кандай динди тутары – анын эрки. Бирок диний ишеним адам баласынын өз эрки менен түптөлүп, жалпы элдик биримдикке зак келтирбеши керек. Диний ишеним бирөөлөрдүн турмушуна бүлүк салуу эмес, барга-жокко бирдей топук кылып, жаратканга жакпас туура эмес иш-аракеттерден алыс болуу.

Байыркы жана азыркы диндердин негизги идеялары – шаманизм, теңирчилик, зороастризм, буддизм, христианчылык, ислам – элдердин руханий жашоосунун негизи болгон. Бүгүнкү күндө Орто Азияны жана Казакстанды классикалык исламдын мекени деп айтуу ката болоор эле дейт А.Табышалиева [7].

Түркстан исламы синкреттик кубулуш, ал байыркы салттуу ишенимдер менен жабдылган.

Кыргыз, казак элиндеги шаманизм-дубаначылык, эмчи-домчу, көзү ачыктык, төлгө тартуу, алдын ала көрө билүү ж.б. мусулмандык ишенимдер менен жуурулушуп кеткен. Алар Мухаммедди билбесе да, аны жайылткан кожолордун айтканын угуп сыйлашкан. Ал эми шамандар болсо өз ишеними менен отко сыйынып, мусулман периштелерин чакырып Аллахка мактоолорун айткан, бул өз кезегинде бири-бирине жолтоо болбостон, бир бүтүндүктө кабыл алынган. Кыргыз шаманынын дубаначылык түрү, (дубана – элди аралап, же болбосо айрым адамдарга жолугуп батасын берип, алдын ала боло турган окуяны айткан адам) «Манас» эпосунун саптарында төмөндөгүчө баяндалат:

*Бир ак сакалчан дубана Жакып хандын түшүнө кирип келиптир:*
*«Атыңдын оозун бур Жакып, Кыдыр алейки салам мен элем, Бүгүн эркек уулдуу болосуң, Атын Манас кой Жакып. Телегейи тең болот. Ичин карап олтурсаң, Ушул жер жүзүнөн кең болот. Кара калмак, манжууга Чоң жинди атка атка коё көр! Ушул бүгүн туулган балаңдын Колдогону Кожосан, Жөлөгөнү – кырк чилтен».* Бул саптардан баамдагандай, кыргыздарда шаманчылыктын түрү болгон дубаначылыктын сүрөттөлүп жаткандыгын байкай алабыз [14].

Дубаначылык «Манас» эпосунда эң негизги эпизоддордон болгон балага ат коюу жөрөлгөсүндө да кездешет:

Асасы колдо шалдырап,
Пайда болду дубана.
- Берсеңер эгер уруксат,
Мен коёюн атын деп,
Дубана сүйлөйт бул кепти.
- Ат коюңуз акыр, - деп,
Адамдын бары чуу этти.
Алас, алас, алас деп,
Аты болсун Манас деп,
Алла талаа сактасын
Ар балаадан калас деп,

Бата кылды дубана [9].

Жогорудагы саптан байкагандай, «Асасы колдо шалдырап», - дейт, дубаналардын (шамандардын) аса таягы аларды параллель жаткан дүйнө менен байланыштыруучу куралы болгон. Бул буюмду дубанадан бөлүп кароо мүмкүн эмес, себеби, бул буюмдар жок болсо, алар колсуз, бутсуз калган сыяктуу болот. Дубаналардын аса таягы дайыма жанында болгон. Аса таягынын учуна темир калай каптап, учуна куштардын, көбүнчө үкүктүн канатын, куйругун тагып алышкан. Кыргыз шамандары көбүнчө баштарына ак куунун канатын тагып жүрүшкөн [1]. Дубана Иранда, Орто Азияда, Түркияда «дервиш» - кедей, «суфий», «каландар» деген сөз менен тең каралат. Мындан башка дубана аскет, мистик, жеке байлыгы болбогон каңгы баш деген мааниде да колдонулат. Мисалы, шаман сөзүнүн бир мааниси болгон аскет – бул эң бийик максаттарга жетүү үчүн обочолонуу, жалгыздануу деген маанини билдирет [12].

Кыргыз жана казак шаманды бакшы деп аташкан. Бакшылар жаман жана жакшы жин-макүл (дух) бар дешип, адамдардын ооруп калышы – жаман духтун иши, аны кууп чыкса, адам айыгат деп түшүндүрүшкөн. Шаманды кыргыздар «бакшы» дешкен, монголчо «мугалим» дегенди, уйгурча «сабаттуу адам», ал эми түркмөн, өзбек, каракалпактарда «ырчы» дегенди билдирет [7]. Байыркы кытай жазма булактарында Эне-Сай кыргыздары шаманды «кам» дешкени жазылган. Кам – түрк элдеринде кеңири таралган ырасмыларын жана негизги диниятчы милдетин аткарган адам. Кийинчиреек бир катар элдерде «кам» термининин ордуна бакшы-бүбү деген сөздөрдү колдонуп келген. Бул сөз башка түрк тилдүү элдердин лексикасында кездешпейт, ал жапон тилинде синто дининин ыйык түшүнүктөрүнүн бири болуп саналат [8.3.].

«Шаманчылык жана аны менен байланыштуу болгон дүйнөгө көз караш, ошондой эле ооруларды эмдөөнүн ага негизделген жолу эски кыргыз турмушундагы баарынан көбүрөөк туруктуу келген көрүнүштөрдүн катарына кирген», - дейт А.В. Анохин [4].

Бакшы – ооруга чалдыккан адамды дубалап, «жин-шайтандарды» кубалап чыга турган сыяктанып, буркан-шаркан түшүп, жаалданган аракеттер менен эмдеп-домдой турган дарымчы [10]. Ф.В.Поярков кыргыз бакшысына төмөндөгүдөй мүнөздөмө берет: «Лица, знающиеся с правильными или ручными джиннами, называются бакши и только тот настоящий или истинный бакши, кто овладевает джиннами вполне, т.е. овладевает способностями и знаниями и может поэтому вызвать своих джиннов во всякое время, когда только он найдёт это нужным и необходимым» [5].

Орто Азиялык жана казак шаманчылыгынын дервишизм менен белгилүү болгон байланышы кыргыз материалы менен да ырасталат. П.П.Семенов-Тянь-Шанскийге келген дубана ак куу жүнүнөн жасалган шуңшугуй баш кийим кийип келген. Мындай баш кийим кийүү дервиштер менен шамандар үчүн жалпы мүнөздүү болсо керек. Кыргыз дубанасынын ак куунун жүнүнөн жасалган күлө (баш кийим) кийгени кээ бир сибирдик элдердин шамандары менен болгон жалпы окшоштугун далилдейт [3]. «Манас» эпосунун жогоруда келтирилген саптарынан биз «Кожосан», «кырк чилтен» сөздөрүн жолуктурабыз. Кожосан – баатырларды колдоочу духтардын бири [10]. «Кожо» – бул араб сөзү, Мухаммеддин Фатима деген кызынан тарагандар «кожо» деген наамга ээ болуп кеткен [3]. Ходжа, Кожо – алгачкы халифтердин тукуму: мусулмандардын диний жетекчилерине берилүүчү наам. Ходжа наамы мусулман өлкөлөрүндө (Иран, Пакистан, Индиянын айрым жерлеринде) феодалдардын, буржуазиялардын өкүлдөрүнө берилген. Ошондой эле хандын укум-тукуму башчылык кылган исмаилиттер сектасын жактоочулар да өздөрүн ходжа деп аташкан. Дин кызматкерлери Октябрь төңкөрүшүнө чейин Кыргызстандын аймагында жашаган мусулмандарга ал наамды «ыйык» катары көргөзүп келишкен. Төмөнкү саптарга да көңүл буруп баамдасак:

Балдарды көрсө жыйыптыр, Мазарды көрсө кыйыптыр,

Дубана көрсө уруптур, Асасын тартып алыптыр.

Кожону көрсө коркутат, Доргону көрсө токмоктойт

(СОВ. Манас. 2840-2987-саптар.) [18]. Бул жерде, мазар, дубана, аса таягы шаманчылыкка тиешелүү саптар болсо, кожо ислам динине тиешелүү. Демек, шаманчылык менен ислам дининин элементтери эпосто бири-бири менен айкалышкан мүнөздө кездешкендигин байкайбыз. Дагы бир көңүл буруучу нерсе Манастын сегиз жаш курагында (СОВ. Манас. 1-китеп. 1995.) [17] анын диний ишенимдер менен да, диний окуулар менен да тааныш эмес болгондугун маалымдап турат.

«Кырк чилтенге» токтолсок, Жакып кан Манасты Ошпур койчуманына таштап кеткенден кийин койчуман болуп калган Манас Чегени ээрчитип, козу кайтарууга чыгат. «Чеге менин чором, жеке менин жором», - дейт. Аңгыча бир бөрү чыга калат да, бир козуну басып куйругун жулуп жиберет. «Бул эмне», - деп Манас сурайт. «Бул бөрү жөн койсоң козуну жеп тоого кете берет», - дейт. Манас козуну куткарууга чуркайт, бөрү козуну көтөрүп, тоого Капчал зоого кире жөнөйт. Козунун канын кууп, жетип барса козу тирүү. «Козумду көтөрүп алып кетти эле, өз көзүм менен көргөм, козуга не болду? Карышкыр кайда кетти? Адамдар айткылачы?, -дейт Манас, - козу каны төгүлүп өлгөндөй болду эле, эми бул жерде эч бир тагы жок тирүү турат». Алиги кырк адам балага көзүн салат. – Коркпогун, балам. Бизди ким деп ойлойсуң? Козуң турат мында, - дешет. Силер ким деген болосуңар? Бөрү кайда кетти? - Бөрү болгон биз, бөлөкчө жансыз сиз. Кырк чилтен деген биз, козуга салган тиш. Кубаттуу болоор тирлигиң, кудаанын билгин бирлигин. Болсо сенде дил, болжоп акты бил, ак ислам динине азбай, балам кир дешет. - Кандайлыктан силер карышкыр болдуңар. Адегенде бөрү болгулачы көрөйүн, айткан насыяттарыңарга анан көнөйүн. Кайда болот Кудайың? Үйү-жайы кай жерде, - дейт Манас. - Угуп турган кулагың, ушу деп билгин турагың. Ачуу менен таттууну билген ооз тилиңиз, аны да актын күчү деп, акыл менен билиңиз. Көрүп турган көзүңүз кудуреттин күчү. Кармай турган колуңуз, баса турган бутуңуз кудуреттин күчү. Көкүрөк, жүрөк, дилиңиз - кудаанын үйү, - дейт да Кырк чилтен: - Муну мындан ары Чеге дебе, ал сага кутман болот. Куту бий деп атанат, -дейт да көздөн кайым болот. Манас менен Куту бий Кырк чилтендин колу тийди деп козуну союп, бышырып жешмей болот. (2991-3270-саптар. Кырк чилтен) [8]. Тексттин мазмунунан Манас Кырк чилтендин колдоочулук касиетин белгилеп, алардын колу тийген козуну союп жешин байкайбыз. Ошондой эле, Кырк чилтен Манастын колдоочуларынан болгонун эпостун саптары тастыктайт.

Кайып эрен – кырк чилтен
Канкор эрдин жолдошу,
Кырк чилтендин бирөөбү,
Ажыдаар болуп сойлошуп
Кабылан бири, бири шер
Кашында бар сексен төрт
Бири миңге тийген эр (СОВ. Манас. 2-китеп.1995.)[18].

Кырк чилтен Манас баатырга дайыма колдоо көрсөтүп коргоп жүргөнү ушундайча сүрөттөлөт.

Уруулук коом үчүн мүнөздүү болгон бул тотемдик түшүнүк шаманчылык менен айкалышып турат. Кырк чилтен (ир.-кырг. сөзү) –мифологиялык түшүнүктө адамдын көзүнө көрүнбөгөн, укмуштуудай касиетке ээ болгон жакшылык кылуучу жан. Иран мифологиясы боюнча чилтен сыйкырдуу күчкө ээ болуп жана адамдардын арасында жүрүп, сүйгөн кишисин колдогон адам [12]. Эпостогу кырк чилтенди шаманчылык менен байланыштыра кароობуз Т.Д.Баялиеванын «Доисламские верования и их пережитки у киргизов» деген эмгегинин «Шаманчылык жана шамандык сыйынуулар» деген бөлүмүндө Сибирде жашаган элдерде жана кыргыздарда духтарды (жандын) үчкө бөлүп караганын айтат. Алар: ***биринчиден*** колдоочу-духтар, ***экинчиден*** жардам берүүчү духтар, ***үчүнчүдөн,*** жиндер,б улар шамандык иш-аракеттерде таасир берүүчү объекттерден болуп саналган. Колдоочу-духтарды шамандар эң негизги күч катары сезген, алар шамандардын үйрөтүүчүсү, жетектөөчүсү болгон. Мындай духтарга кээ бир бакшылар Ак Тайлакты (ак төө), колдоочу-дух деп билишкен. Бакшылардын өздөрүнө көрүнгөн

колдоочулары болгон. Экинчи категориясы жардамчы-духтар [6]. Ошентип, адамдарды колдоочу, жардамчы духтары аларга касиет жаратып, аттуу атчан аскерлер, жолборс минген дөө, ажыдаар минген дөө, жылан камчылангандар, Кайберен, Кырк чилтен, Ак Марал жана башка түрлөрдө көрүнгөн. Бул эмгекте айтылгандай колдоочу жана жардамчы духтар Манас баатырды өмүрүнүн акырына чейин колдоп, керектүү жерде айбатына айбат кошуп, көзгө көрүнүп турушкан. Ал белгилер төртөө: 1) кара чаар кабылан, 2) чолок куйрук көк арстан, 3) алп кара куш, 4) ажыдаар. Алп кара куш Манаска асман ээси катары Көктөн, ажыдаар жер асты дүйнөсүнүн ээси катары жерден колдоо көрсөтүп, кара чаар кабылан, чолок куйрук көк арстан (Муну жолборс, илбирс деп түшүнүү керек), жырткычтардын ээси катары колдоо көрсөтүп, таасирин тийгизип турат. Демек Манасты асман, жер асты, жер үстү – үч күч колдоп турат.

Шамандардын башка жогорку же төмөнкү дүйнөдөгүдөй эле ортоңку дүйнөдө да колдоочулары болушкан. Алар негизинен жан-жаныбарлар, куштар болгон. Өзгөчө маралга терең маани берилип, аны башкы колдоочу деп эсептешкен [10]. Башкы колдоочу деп гана эсептешпестен «Ак марал менин апакем» дешкен [10]. Мындан Ак Маралды жөн гана колдоочудан да өйдөрөөк баалагандарын көрүүгө болот. Андан тышкары шамандардын бир тобу Ак Тайлакты колдоочу катары эсептешкен. Айрым булактарга таяна турган болсок, шамандар жан-жаныбарларды, куштарды символикалык түрдө алардын кыймыл-аракетинен эмне кылуу экендигин түшүнө билишкендигин байкай алабыз. Себеби, алар табият менен жуурулушуп, анын бир бөлүгү сыяктуу болуп калышкан. Мисалы: бүркүт айылдын үстүнө айланып учса, ал айылга жардам берүү керек, бир жамандык тооруп турат деп түшүнүшкөн. Ал эми бийик тоону көздөй учса, ошол тоого барып, сыйынуу иштерин, ритуалдарын жүргүзүү керек деп түшүнүшкөн. Мындан улам, жан-жаныбарлар, куштар шамандардын колдоочусу гана эмес, жардамчылары да болгондугун көрө алабыз [6].

Дубанадан тышкары шамандык ишенимдин кыргыздардагы бир түрү – бал ачуу.

Бал – араб сөзү, төлгө тартуу, бал ачуу, сыйкырчылык, көз боёмочулук.

Бал ачуу – койдун далысын, күзгүнү, китепти карап туруп адам тагдырынын келечегин айтып бере алат деген диний түшүнүк. «Далы ачуу, далы көрүү» – далыга карап адамдардын тагдырын болжоо. Диндик мүнөздөгү мындай аракет илгери жоголгон малды табууга же болочок окуяны айтуу үчүн колдонулган. Ислам дини таралгандан кийин бал ачуу пайда болгон. Бал деген арабдын «фал» – болочокту айтуу деген мааниде. Кыргыздарда кеңири тараган «төлгөчү» далы ачуу менен танапташ болгон [3]. Бул «Манаста» мындайча айтылат:

Алты айчалык өлөрдү, Азыр бейлеп билүүчү…

Аяр менен сыйкырчы. Балын ачып салышып.

Манастын чоролорунун ичинде кандайдыр бир табигый күч колдогон, боло турган окуяларды төлгө тартып же далы көрүп билүүчүлөр болгон. Баатыр Манастын: «Төлгөчү Кара Төлөгү, Агыдай далы көрүүчү, Ашкере айтып берүүчүлөрү» болгондугу айтылат. «Манас» эпосунда Кара Төлөк – кырк чоронун бири, уруу башчысы, төлгөчүсү болгон. Анын өнөрү: «Төлгөчү Кара Төлөгү, төгүн эмес өнөрү», - деп эскерилет. Кыргыз элинин турмушунда болуп келген төлгөчүлүк фольклордук чыгармаларда кеңири орун алган. Төлгөчүлөр көбүнчө кырк бир таш, койдун далысын, жана башка буюмдар менен асмандагы жылдыздардын жайгашуусуна карай төлгө ачышкан. Төлгөчүлүк бакшылык менен тыгыз байланышта келип чыккан. Төлгөчүлүк аң-сезимдин төмөнкү баскычында пайда болуп аңчылыкка, жортуулга, мергенчиликке чыгуу ырым-жырымдары менен байланыштуу болгон [12]. Шаманизм мындан тышкары эпостун көпчүлүк варианттарынын ырым-жырым окуяларында кездешет [16].

Кыргыз шаманчылыгы жөнүндө маалыматтар Ч.Валихановдун,Ф. Поярковдун эмгектеринде жана В.Шумиловдун чакан макаласында, башка бир айрым эмгектерде кыска үзүндүлөрдө берилген. Кыргыз шамандары жөнүндөгү баалуу эскерүүлөр П.П.Семенов-Тянь-Шанскийдин мемуарларынан учурайт, ошондой эле С.Ильясовдун чакан макаласын белгилеп кетүү керек, - дейт С.М.Абрамзон [2].

«1946-жылы Тянь-Шань этнографиялык экспедициясынын учурунда эки элчи шаман менен жолугушууга туура келди, алардан жазылып алынган жаңы жазуулар, биринчи жолу кыргыз шамандарынын өзгөчөлүктөрүнө жалпы мүнөздөмө берүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн», - деп жазат С.М.Абрамзон [1].

XIX кылымдын аяк ченинде шамандардын негизги милдети, негизинен нерв ооруларын эмдөө болгон жана алар көзү ачык деп эсептелген.

Шаман кыргыздарда Көк Теңир жана ата-бабалардын арбактары жалгаган адам катары кабыл алынган. Ал дарымчылыктан башка музыкант, ырчы, көзү ачык болгон. Шамандар бул өнөрлөрдүн баарын аралаштырып, же болбосо ар бирин өз-өзүнчө параллелдүү алып жүрүшкөн.

«Манас» эпосундагы шаманизмге байланышкан ишенимдердин бир учугун гана ортого салдык, эпостун мазмуну байыркы диний ишенимдердин өсүп-өнүгүү тарыхын түзүүдө эң баалуу тарыхый-этнографиялык булак болуп бере алат.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногентические и историко-культурные связи, Ф.,1990.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Бишкек. 1999. «Сорос»- фонду. 216-б.
3. Абдылдаев М. Дин таануу боюнча окуу куралы. Б.2004. 136 б.
4. Анохин А.В. К материалу и шаманству у алтайцев. стр15.
5. Бартольд В.В.. Отчёт о поездке в Среднюю Азию с научной целью 1853-1854 гг. Собр.соч. М.1965. стр.132.
6. БаялиеваТ.Д. Доисламские верования и их пережитки у киргизов. Ф.,1972 г.
7. Табышалиева А. Вера в Туркестане. Б.,1993.
8. Исаков Б. Манастын балалык чагы. Б., 2006
9. Валиханов Ч. Собрание сочинений в пяти томах, 4 том. Алма-Ата.,1985.
10. Жусупов К. Байыркынын издери, Б,2001. 89-б.
11. Манас.Семетей.Сейтек.Бишкек. 1999. 24-25-бб.
12. Манас энциклопедиясы. Б. 1995.
13. Манас.1-китеп, Б.,1984. 244-бет.
14. Ислам. Энциклопедический словарь, Ф.1990. стр 56.
15. СКВ. Манас. 1-китеп 45-бет. 1984.
16. СКВ. Манас. 1-китеп. 126 бет. Б.,1984
17. СОВ. »Манас». 2-китеп. Б.,1995.
18. СОВ. «Манас». 2840-2987-саптар.Б.,995.